КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
АКСЫ РАЙОНУ
КЕРБЕН ШААРДЫК
КЕНЕШИ
720600 Кербен ш. Ныязалы көчөсү № 7
тел.: (0-3742) 5-02-39

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
АКСЫЙСКИЙ РАЙОН
КЕРБЕНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ
720600 г.Кербен ул.Ныязалы № 7
тел.: (0-3742) 5-02-39

9-март 2026 - жыл № 14/1 Кербен шаары

Аксы районунун Кербен шаардык Кенешинин
IX чакырылышынын кезектеги он төртүнчү сессиясы

**Т О К Т О М**

## 2025-жылга Кербен шаарынын социалдык-экономикалык иш чарасынын аткарылышы, 2026-жылга Кербен шаарынын бюджетинин түзүлүшү жана 2026-2027-жылдарга болжолу жөнүндө

1. Кербен шаарынын мэриясынын 2025-жылдын бюджетинин аткарылышы жыл башындагы пландан сырткары алымча кошумча менен №1-тиркемеге ылайык **канааттандырарлык** деп табылып, бекитилсин.
2. Кербен шаарынын мэриясынын 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинин көлөмү өздүк бекитилген киреше 168 054,3(жүз алтымыш сегиз миллион элүү төрт миң үч жүз) сом, салык кирешеси 134 153,0 (жүз отуз төрт миллион бир жүз элүү үч миң)сом түзөт анын ичинде салык эмес кирешелери 33 901,3 (отуз үч миллион тогуз жүз бир миң үч жүз) сом суммасында №2-тиркемеге негиз бекитилсин.
3. Кербен шаарынын мэриясынын 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинин чыгаша бөлүгү №3,4,5,6,7-тиркемелерге ылайык, атайын каражаттагы бала-бакчалардын тамак-аш статьясы кошулуп 168 054,3(жүз алтымыш сегиз миллион элүү төрт миң үч жүз) сом менен бекитилсин.
4. Кербен шаарынын мэриясынын 2027-2028-жылдардын болжолдуу долбоорунун бюджети бекитилген киреше (№ 8-тиркемеге) негиз бекитилсин.
5. "Кыргыз Республикасынын 2026-жылга жана 2027-2028-жылдардын долбоорунун Республикалык бюджет жөнүндөгү" мыйзамына негиз биринчи кезекте коргоого алынган беренелерге жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча чыгымдарды каржылоого жумшалаары белгиленсин.
6. Кербен шаарынын мэриясынын жергиликтүү бюджетинин 2026-жылдын 1-январына калган калдык акча каражаты жалпысы 17 255,7 мин сом түзөт анын ичине бюджетик каражаты 10 987,7 мин сом суммасында белгиленсин жана атайын каражат 6 268,0 мин сом суммасында белгиленсин жана бул акча каражаты түзүлгөн иш-чаралар планына негиз жумшалсын.(№9 тиркеме).
7. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 24-беренесине негиз жалпы жылдык бюджеттин чыгымдарынын көлөмдөрүнүн 2 пайызга чейинки же болбосо 1 400,0 (бир миллион торт жүз миң ) сом өлчөмүндө Кербен шаарынын мэриясынын резервдик фондусу болуп түзүлсүн.
8. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 27-февралындагы ПЖ №68 «2025-2030-жылдары Кыргыз Республикасынын аймагында өзгөчө кырдаалдардын келип чыгуу тобокелдиктерин азайтуу боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө" Жарлыгына негиз, жыл ичинде айыл аймагында өзгөчө кырдаалдардын алдын алууга жана жоюуга жергиликтүү бюджеттен 1 500,0 (бир миллион беш жүз мин) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.
9. Чыгашалардын бөлүмдөрүн,беренелерин жылдырүу учурунда жергиликтүү маанидеги маселелердин маани-манызын өзгөртпөстөн жылдырууну Кербен шаарынын мэринин буйругуна ылайык жасоого макулдук берилсин.

10. Жогорудагы акча каражаттарын максаттуу пайдалануу жагы жана жергиликтүү бюджеттин аткарылышы боюнча маалымат берип туруу жагы Кербен шаарынын мэри Ж.Райимжановго милдеттендирилсин.
11. Токтом «www.kerben.aksy.kg» веб-сайтында жарыялангандан кийин күчүнө кирет.
12. Бул токтом мамлекеттик реестрге киргизүү жана каттоо үчүн Жалал-Абад облосттук юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.
13. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө экономика, бюджет жана финансы боюнча туруктуу комиссиянын төрагасына жүктөлсүн.

**Кербен шаардык**
**кеңешинин төрагасы:** **А.Базарбаев**